Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭРКИН ТОО

13.03.2015 **Бишкекте ТүркПАнын Катчылыгынын демилгеси менен “Котормонун мааниси жана максаты“ аттуу семинар болуп өттү**

Бишкекте Түрк тилдүү мамлекеттердин Парламенттик ассамблеясынын Катчылыгы жана Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин демилгеси менен “Котормонун мааниси жана максаты» аттуу семинар болуп өттү.

Семинардын максаты — түрк тилдеринин арасында котормо ишин колго алуу болуп саналат.

Иш-чарага ТүркПАнын Башкы катчысы Жандос Асанов, Жогорку Кеңештин депутаты, ТүркПАнын социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссиясынын төрагасы Курманбек Дыйканбаев, университеттин окутуучулары менен студенттер катышты.

Талкууда ТүркПАнын социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссиясынын төрагасы К.Дыйканбаев ТүркПА менен “Манас” университетинин ортосундагы келишимдин негизинде котормочулардын ассоциациясын түзүүнү сунуштады. Депутат түрк тилдүү өлкөлөр ортосунда орток сөздүк түзүү зарылдыгын белгиледи.

ТүркПАнын Башкы катчысы Ж.Асанов тил үйрөнүү үчүн кыска мөөнөттүү окууларды уюштуруу, котормочу адистерди даярдоо, котормочулар арасында онлайн сынактарын уюштуруу, түрк тилдеринин сөздүктөрүн басып чыгаруу боюнча ойлорун ортого салды.

Семинардын жүрүшүндө тажрыйбалуу котормочулар тажрыйбалары менен бөлүшүп, түрк тилдеринин ортосундагы котормонун актуалдуу экенин белгилешти.

Соңунда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чет тилдер жогорку мектебинин студенттери тарабынан түрк тилинен кыргыз тилине которулган “От жана суу” көркөм тасмасынан үзүндү көрсөтүлдү. Бул тууралуу Жогорку Кеңештин Басма сөз кызматы маалымдады.

Аталган иш-чарага министрликтин өкүлдөрү менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жетекчилиги жана китептин авторлору катышты. Билим берүү министринин орун басары Токтобүбү Ашымбаева китептин жарык көрүшүнө көмөк көрсөткөн университеттин жетекчилигине жана авторлорго ыраазычылык билдирип, окуу жайдын ректору профессор Себахаттин Балжыга министрликтин атынан ыраазычылык баракчасын тапшырып жатып:" Өзүңүздөргө белгилүү болгондой бүгүнкү күндө республика боюнча мектеп окуучуларына китептер жетишсиз, ошол эле учурда балдардын жүрөгүнөн түнөк тапкан сапаттуу китептер аз. Бул китеп балдардын логикалык ой-жүгүртүүсүнө багытталгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат"- деди. Ал эми КТМУ нун ректору Себахаттин Балжы, Манас университети 1995-жылдан бери жаш муундарга сапаттуу билим, туура багыт, татыктуу тарбия берүүнү максат кылып, аны ишке ашырып келебиз-деген өңдүү изги тилегин билдирди. Китептин авторлорунун бири КТМУ нун Экономика жана башкаруу факультетинин профессору Анаркүл Урдалетованын айтымында, мектептердеги китептердин жетишсиздигинен улам сабактарды өтүүдө тоскоолдуктар жаралып жатат. Чындыгында математика абдан татаал сабак болуп эсептелет. Карап көрсөк ал, анчалык деле татаал эмес. Мындагы татаалдык окуткан мугалимге байланыштуу болот. Андыктан, бул китепте жөнөкөй, ошол эле учурда татаал болгон, турмуштук практикада колдонула турган жана ойноп жатып үйрөнүүгө мүмкүн болгон маселелер камтылган. Ошондуктан мугалимдерибиз, турмушта математика керектигин жана ансыз мүмкүн эместигин түшүндүрүп, оюн-тапшырмалар менен үйрөтүшсө, деген максатта бул эмгек жаралган. Аталган китептин дагы бир автору Борбор Азиядагы Америка университетинин профессору Сыргак Кыдыралиев да китеп ийгиликтүү болуп, окуучулар сапаттуу билим алышса деген оюн ортого салды-деп КТМУ нун коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн кызматкери Айзат Таласбаева маалымдады.

**Айзада Дүйшөнбаева**

# КЫЗ АЛА КАЧСАҢ – ЖИГИТ ЭМЕССИҢ



"Кыз ала качуу – кылмыш" деген ураандын алдында "Кыз коргон" институту көп жылдардан бери кыз ала качуунун алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруп келет. Буга чейин Кочкор районунун бардык айылдарын кыдырып, Каракол шаарында, анын айланасындагы айылдарда кыз ала качууга каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. Алар 2011-жылы Караколдо жаштар менен кыз ала качууга каршы семинар өткөрүп жаткан учурда көчөдөн эле кыз ала качып кеткенин айтышат. Артынан кууйлу дешсе, "аларды кайдан тапмак элек" деп эч ким макул болбойт. Ата-энесине айтса, сүйлөшкөн жигити ошол экен, чалбайбыз деп коюшат. Дос кыздары болсо "жигити башка болчу" дешет. Ошентип, алар эч нерсе кыла албай калышкан. Ушул жылы Тоң районунун бардык айылдарын кыдырып, кыз ала качууга каршы семинарларды өткөрүшөт.

Бул программанын башында Америкадан келген профессор Рассел Клейнбах деген 70тен ашкан аксакал турат. Ал өз ойлору менен бөлүшүү үчүн биздин редакцияга келиптир. "Бизде эки жаш сүйлөшүп жүрүп, кызды ала качкан учурлар болот. Бирок мен Кыргызстандан макулдуксуз, зордоп ала качууну биринчи жолу көрүп, абдан таң калдым. Кыргызстанга алгач 1998-жылы келгенде кыз ала качуу боюнча эч кандай изилдөө, түшүндүрүү иштери жок экенин көрүп, бул ишке киришттим. Ала качуулардын баары макулдуксуз, каалоосуз. Баары эле кыз ала качуу кыргыздын салты эмес деп айтышат. Биз бир жыл бою сурамжылоолорду жүргүзүп, канча пайыз экенин билгенден кийин жылдарды өткөрүп, кайра канча пайыз болгонун билебиз. Айрым жерлерде 27%га чейин түшкөн. Биздин программанын талбаган иш-аракеттеринен кийин макулдуксуз кыз ала качуу азаят же жок болот деп ишенебиз. Кыргыздын көбү Манаска ишенишет эмеспи, Манас деле Каныкейди ала качып алган эмес. 2013-жылы мыйзамга ылайык ала качуу боюнча арыздар жазылып, бир-экөө жоопкерчиликке тартылгандан кийин бул иштер азайып калды. Көп кыздар да өз укугун билип калышыптыр. Башында ала качылган кыздардын 95%ы жашоого аргасыз макул болуп, отуруп калышкан. Азыр ала качылган кыздардын 60%ы отурбай калышты. Ислам дининдегилер деле кыз ала качууну колдобойт. Ала качылган кыздардын баары милицияга дароо арыз жазышса, бул нерсе такыр жоголот. Кытайда деле мурдагы кылымда кичинекей кыздардын бутун бинт менен таңып, чоңойтпой кармоону салт деп келишкен. Кийин гана бул салт эмес, зомбулук деп, ага каршы чыгышкандан кийин бул нерсе таптакыр токтогон. Биз азыр 2 айлык мөөнөттө кыз ала качуу боюнча программаны ишке жылдырабыз. Күзүндө болсо дагы башка долбоорлор болот. Мага кыргыздардын өзгөчө меймандостугу жакты. Ал эми түртүшкөнү, машинаны маданиятсыз айдаганы жакпайт", - деди маектешим.

Кылмыш-жаза кодексинин 154-беренесинде 17 жашка толо элек адамды никелик мамилеге өтүүгө мажбурлоо 5 жылга чейинки мөөнөткө, никелик мамилеге өтүү үчүн ала качуу 15 жылга чейинки мөөнөткө эркинен чектөө каралган. КЖКнын 155-беренесине ылайык аялдын эркине каршы ала качканда 5 жылдан 7 жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратылат. Мына ушул мыйзамдарга негизденип, кыздар өз укугу үчүн күрөшсө болот. Зордук менен курулган үй-бүлөлөрдө басмырлоо, чыр-чатак, оройлук, сыйдын жоктугу орун алат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, мындай үй-бүлөлөрдө ажырашуу көп болгон. Рассел Клейнбах "Кыз коргон" институту менен биргеликте жүргүзгөн иликтөөдө сурамжылоого катышкан энелердин 96%ы, аталардын 98%ы өз кыздары ала качылышын каалашпай турганын айтышкан.

**Сымбат МАКСУТОВА**

---

Социолог, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин социология бөлүмүнүн башчысы Кусеин Исаев акыркы кезде коомубузда орун алган жат көрүнүштөргө өз ойлорун билдирди.



## Кыргыз социология ассоциациясынын президенти Кусеин ИСАЕВ:

# "БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК КЫРГЫЗДЫН ДҮЙНӨ ТҮШҮНҮГҮНӨ ЧЫККЫНЧЫЛЫК"



**- Кусеин Исаевич, акыркы кездери Кыргызстандын кайсы тармагына социологиялык изилдөө жүргүздүңүздөр? Эмне жаңылыктар бар?**

- Чынында, дүйнөдө саясий климатты жасап жаткан социологдор. Бүткүл дүйнөлүк социологиялык ассоциация бар, ошонун бир топ конференцияларында доклад жасадым. Былтыр Японияда өткөн жыйынына алты миңден ашык адам катышты. Бүткүл дүйнөлүк социологиялык ассоциацияда 54 илимий тема, 56 илимий топ, 4 бригада бар. Ушунун баары конгресс учурунда бирдиктүү теманы талкуулашат. Былтыр Японияда өткөн конгрессте теңсиздик темасы талкууланды. Теңсиздиктин 16 түрү табылды. Кыргызстанда социологиялык изилдөөлөр коомубуздун өсүшүнө татыктуу салымын кошо албай жатканы мени өкүндүрөт. Акыркы жылдары элита маселесин көтөрүп келатабыз. Негизи, Кыргызстан социологиялык ассоциациясы 1986-жылдан бери иштейт. Андан бери бир канча адистер социология илимдеринин кандидаты болуп чыгып, жер-жерлерде иштөөдө. Кыргызстандын социологиялык абалын изилдеп бере турган бир канча топтор бар. Алар биздин ассоциацияга тиешеси жок, Батыштын акчасын алып иштеген агенттер. Алардын социологиялык изилдөөлөрүн биздин бийлик өкүлдөрүнүн бардыгы пайдаланышат. Биздин университет кыргызстандыктардын, өзгөчө түштүк аймактагы үч облус элинин иденттүүлүгүн изилдедик. Жарандык иденттешүү кандай шартта жүрөт, мисалы, Кыргызстанда жашаган өзбектер, тажиктер, уйгурлар, орустар канчалык деңгээлде өзүн Кыргызстандын жараны, Кыргызстанды Ата Мекени деп эсептейт, аларда канчалык жарандык сапаттар бар, мына ушул маселени изилдедик. Айрым адамдар Кыргызстанда 88 улут жашайт, канча калк жашаса, ошончо улут бар деп айтып жүрүшөт. Бул өтө чоң жаңылышкандык. Улуттун өзү мамлекеттин жүзүн аныктайт, анын жоопкерчилигин берет. Мамлекетте бир гана улут бар, ал – кыргыз. Калгандары – орустар, өзбектер, уйгурлар, карачайлар, татарлар, корейлер, казактар ж.б. калк. Аларга саясий наам берилген, алар мамлекеттин тагдырына жооп берет. Кыргызстандагы жалпы элдердин жашоо тиричилигине, саясий абалына, маданиятына, билимине жооп бере турган кыргыз калкы болот. Кыргыз эли – мамлекеттин ээси. 1993-жылы кабыл алынган Конституцияда жер мамлекеттик менчик деп жазылган. Жерден алынган байлык мамлекет аркылуу бөлүштүрүлөт. 2010-жылкы Конституцияда да ушундай, бирок жер жеке менчикке берилет деп жазылган. Жеке менчик деген сөз сатылат дегенди билдирет. Бүгүн сот иштериндеги эң көп көйгөй жараткан маселе – жер талаш. Атасы баласы, таякеси жээни менен жер талашып, соттошуп жатышат. Жер сатылбаш керек. Моде Орто Азияда хандыгын жүргүзүп жатканда анын күлүк атын сурап коңшу айылдан адамдар келишет. Жанындагылар бербеңиз дегенине болбой жылкысын берет. Дагы убакыт өтүп, анын сулуу аялын сурап келгенде, дагы берип жиберет. Арадан айлар өтүп, анын жерин сурап келишет, ошондо ал катуу каршы болуп, жерин бербейт. Жер болсо – мамлекет болот. Жерди бериңиз деп азгырган жан-жөкөрлөрүнүн башын алдырат. Эми караңыз, Ысык-Көлдүн жээгиндеги айрым жерлердин ээлери – кошуна өлкөлөрдүн жарандары.

**- Кыргызстанда жашаган башка калктардын өкүлдөрүндө бөлүнүүчүлүк жок, кыргыздар уруу-урууга бөлүнүшүп, акыркы кездери ачык чыга башташты. Сиздин оюңузча бул туурабы?**

- Мекенчил, патриот, тарыхты мыкты билген, философ, драматург Мар Байжиев жакында гезитке урууучулукту мактаган макаласын чыгарыптыр, урууучулук байлыгыбыз, бараткан жолубуз дегендей. Мен аны сыйлайм, бирок чоң жаңылышыптыр. Азыр уруу-уруулар чогулуп, өз алдынча президенттерин шайлап, курултайларын өткөрүп жатышат. Бул мамлекеттүүлүккө жасалган душмандык. Биригүүгө каршы жасалган аракет. Президент аргасыздан урууучулуктан биринчи улут жөнүндө сөз кылалы деп жатат. Бул абдан туура. Урууучулук XX кылымга чейинки кыргыздардын мыкты булагы болгон. Эл уруу башчысын шайлаган. Урууда жесир болгон эмес, күйөөсү өлүп калса, аялын балдары менен тентитип койбой, уруунун адамдары сүйлөшүп, аны кайнисине беришкен. Көчө кыдырып, сурамжылап калган киши болгон эмес. Баланчанын уруусунда ушундай болуп жатыптыр деген сөз кетет деп намысты катуу кармашкан. Бирдиктүү мамлекет жок учурунда урууучулук мамлекеттин милдетин аткарган. Уруунун ичиндеги балдар жети атасы өткөнгө чейин үй-бүлө курган эмес. Анткени, кан канга душман болот. Азыр бирдиктүү, бекем, ынтымактуу, баатыр кыргыз элин түзүүгө келгенде уруу-урууга бөлүнүүчүлүк кыргыздын ынтымагына доо кетирүүдө. Билимдүү, илимдүү замандаштарымдын "уруунун башчысы болдум" деп айткандарын угуп абдан уялам. Биз бүгүн бирдиктүү кыргыз эли үчүн күрөшүшүбүз керек. Урууучулукка бөлүнгөндөрдү мыйзам менен жойгондон башка жол жок.

**- Кыргыз ысымдарын кыргыз тилине өткөрүүгө кандай карайсыз?**

- Бул туура маселе. Мунун тарыхый себеби бар. Өз аты, атасынын аты менен айтылып келаткан ысымдар бар. Мисалы, Жусуп Мамай. Бул кыргыздардын өзгөчөлүгү. Бул маселени 3 жыл мурда кыргыз тилинде айталы деп атайын комиссия түзүп, сүйлөшкөнбүз. Комиссиянын төрагасы кылып ф.и.д. Сыртпай Мусаевди шайлап, атайын жобосун иштеп чыкканбыз. Аны Жогорку Кеңешке бергенбиз, бирок каралбай келген. Өткөн жумада гана И.Арабаев университетинде талкууладык. Бул бышып жетилген маселе болчу.

**- Сиздер кайсы вариантына токтолдуңуздар?**

- Байыртан айтылып келген жеңил түрүнө, мисалы Жусуп Баласагын, Жусуп Мамай, Байас Турал, Кожо Ахмат, Курманжан Датка сыяктуу вариантка токтолуп жатабыз. Бул англисче жазганга да оңой. Орустар мигранттарга кысым көрсөтүп жатыптыр деген туура эмес, орустар да башка улуттардын ысымдарын сыйлайт.

**- Кыргыз эркектеринин кичине балдарды, наристе кыздарды зордуктоосу күчөп баратат. Буга кандай чара колдонобуз, эмне кылсак болот?**

- Бул накта жырткычтык. Муну айбан, мисалы карышкыр, жолборс да жасабайт. Булар үчүн өлүм жазасын киргизүү керек. АКШда 51 штат болсо, анын 39 штатында, Араб өлкөлөрүнүн баарында өлүм жазасы бар. Эмне үчүн Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуп туруп, өз жарандарынын тартип бузгандарына өлүм жазасын киргизбеши керек? Хирург Мамбет Мамакеев да жаны күйгөндөн, аларды эл көзүнчө бычып салайын деди. Кыргыз эч убакта мындайга барган эмес. Бул кыргыздын салт-санаасын, философиясын, дүйнө түшүнүгүн бузган чыккынчылык. Аларды бычып салса, андан да жаман кылмыштын оор түрлөрүн жасашат. Буларга катуу чара колдонуп, атып салыш гана керек. Дүйнө элдеринин алдында уялып, баса албай калдык.

**Сымбат МАКСУТОВА**